КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2023-жылдын 25- декабря № 59 Ак-Өлөң айылы

**Жер аянтын которууга (трансформациялоо)макулдук берүү жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын "Боз-Бармак" участкасынан №186 контурда жайгашкан 161,4 гектар жайыт жер аянтынын ичинен 0,30 гектар жайыт түрүндөгү жер аянтын "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. 0,30 гектар жайыт жер аянтын "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформация) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

Төрага С. Д. Байбосунов.